| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ЫСЫК-АТА РАЙОНУ<br><br>ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЫСЫКАТИНСКИЙ РАЙОН<br><br>ЫСЫК-АТИНСКИЙАЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезексиз VI (алтынчы) сессиясы

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2022-жылдын 13-январы №42/V -28** **Алмалуу айылы**

**Айылды инвестициялоо долбооруна катышуу жөнүндө**

Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы демилгелуу топ тарабынан даярдалган чакан долбоордук сунушу Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары карап, талкуулап чыгып, Ысык-Ата айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1. Айылды инвестициялоо долбооруна сунушталган “Алмалуу,Тогуз-Булак жана Карагай-Булак айылдарына балдар ойноочу аянтча куруу” чакан долбоору жокко чыгарылсын.
2. Айылды инвестициялоо долбооруна Ысык-Ата айыл аймагынан “Алмалуу,Тогуз-Булак жана Карагай-Булак айылдарынын орто мектептерине орг.техника сатып алуу” чакан долбоору бекитилсин.
3. Чакан долбоордук сунуш тиешелүү бюджети менен төмөндөгүдөй курамда бекитилсин:

| № | Чакандолбоордунаталышы | Гранттын Сумма | АО өздүксалымынынсуммасы (гранттынсуммасынын 3,75% кем эмес) | Башкабулактар | Долбоордун жалпы сумма |
|---|---|---|---|---|---|
| | Алмалуу, Тогуз-Булак, Карагай-Булакайылдарынынжалпыортомектептеринеорг.техникалардысатыпалуу | 1683470 сом | 66 000 сом | 0 | 1749 470 сом |

4. Айылөкмөтү долбоордуксунуштуөзубагындаберүүнүкамсыздасын.
5. Өздүксалымдынбюджетижалпы долбоордун наркынан 3,75%кем эмес 66000 (алтымыш алты миң) сом бекитилсин.
6. 2022-жылдын инвестициялык планына жогорудагы долбоор киргизилсин.
7. Сунуштакөрсөтүлгөндөрдүтехникалыкжактантейлөөжанаэксплуатациялоочүчүнчыгымдаркаралсын.
8. Бултоктомдунаткарылышын каржы жана бюджет боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Ж.Бейшекеев**

**Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28- чакырылган кезексиз VI сессиясы**

**13-январь 2022-жыл саат 13-00** **Алмалуу айылы**

Ысык-Ата айылдык Кенешинин бардык депутаттары -21

Сесияга _____(_________) депутат катышты.
Сессияны Ысык-Ата айылдык Кенешинин төрагасы Ж.Бейшекеев алып барды.
Сессияга чакырылды:китепканачылар жана киреше боюнча адиси.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы демилгелуу топ тарабынан даярдалган чакан долбоордук сунушун колдоо жөнүндө.
   **ТОКТОМ №42/V -28**
2. Киреше боюнча адиси Өмүрбек кызы Айтургандын жылдык отчету.
   **ТОКТОМ№41/V -28**
3. Китепканачылардын отчетун угуу жөнүндө.
   **ТОКТОМ №43/V -28**
4. Таш-Башат айылынын клубун салуу жөнүндө Т.Казакбаевтин жана М.Исмайыловдун маалыматын угуу.
   Токтом кабыл алынган жок.

Ысык-Ата айылдык Кенешинин төрагасы Ж.Бейшекеев____________

Ысык-Ата  жергиликтүү кенешинин 28- чакырылган кезексиз

**6 - СЕССИЯСЫНЫН ЖҮРҮШҮ**

Сессия 2022-жылдын 13-январында саат 13-00 чакырылды.

**Ысык-Ата айылдык Кенешинин төрагасы Ж.Бейшекеев алып барды:**

Урматтуудепутаттар жана сессиянын катышуучулары!

Ысык-АтаайылдыкКенешине 21 депутат шайланган.
**Депутаттардынтизмесиокулат**.

Бүгүнкүсессияга _____ депутат катышыпжатат. Кворум__________.

Ошондой эле сесиянынишине:
Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн аппараты катышып жатат.
**Кимде ким сессияныачылсындегендепутаттардобушберип коюнуздар:**
Макул ___________Каршы_________Калыс______ ?

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезексиз 6-сессиясы ачык деп жарыяланат. КР Гимни ойнолот.
Урматтуу депутаттар!
**Биз Сессиянын күн тартибин бекитип алышыбыз керек**.
Сиздердин кароонуздарга төмөнкүдөй **күн тартиби** сунуш кылынат:

1. Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы демилгелүү топ тарабынан даярдалган чакан долбоордук сунушун колдоо жөнүндө.
2. Киреше боюнча адиси Өмүрбек кызы Айтургандын жылдык отчету.
3. Китепканачылардын отчетун угуу жөнүндө.
4. Таш-Башат айылынын клубун салуу жөнүндө Т.Казакбаевтин жана М.Исмайыловдун маалыматын угуу.

**Күн тартиби боюнча суроолор жокпу? күн тартибиндеги маселелер туруктуу комиссияда каралган, анда добушка койобуз:**

**Кимде-ким күн тартиби бекитилсин деген депутаттар добуш берип коюнуздар:**

**Макул________Каршы__________ Калыс______ ?**

**Күн тартибибирдобуштанкабылалынды.**

**Урматтуудепутаттар!**

**Бизсессиянынишрегламентинбекитипалалык, сессия_______ саатта бүтсүн.**

**Урматтуу депутаттар! Ар бир чыгып сүйлөөчүгө 3**

**минутадан берели, ал эми жарыш сөзгө чыккан адамга 1 минутадан берели, жарыш сөзгө кезеги менен кол көтөрүп сүйлөйлү урматтуу коллегалар, бирибиздин сөзүбүздү бирибиз бузбайлы, маданияттуу сүйлөп, регламентти сактайлы.**

**Күн тартибинин биринчи маселеси боюнча сүйлөйт _(туруктуу комиссиянын төрайымы же төрагасы )?**

**Күн тартибинин биринчи маселесин добушка коелу?**

**Кийинкимаселелер ошондой эле тартипте карала берет.**

**Сессия өз ишин аяктады.**

**Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28- чакырылган кезексиз VI сессиясынын**

**Протоколу**

**2022-жылдын 13-январы №6** **Алмалуу айылы**

Ысык-Ата айылдык Кенешинин бардык депутаттары -21

Сесияга 14(он торт) депутат катышты, кворум бар.
Сессияны Ысык-Ата айылдык Кенешинин төрагасы Ж.Бейшекеев алып барды.
Сессияга чакырылды: китепканачылар Б.Содобаева, Г.Мухамеджанова, К.Кошоева.

**КҮН ТАРТИБИ**

1. Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы демилгелуу топ тарабынан даярдалган чакан долбоордук сунушун колдоо жөнүндө.
2. Киреше боюнча адиси Өмүрбек кызы Айтургандын жылдык отчету.
3. Китепканачылардын отчетун угуу жөнүндө.
4. Таш-Башат айылынын клубун салуу жөнүндө Т.Казакбаевтин жана М.Исмайыловдун маалыматын угуу.

Сөздү биринчи айылдык Кенешинин төрагасы Ж.Бейшекеев сессияны ачык деп жарыялады.Бир добуштан. Кворум бар. Сессиянын күн тартиби бекитилди.

Күн тартибинин биринчи маселеси боюнча Г.Байтемирова сөз алып АРИС агентствосунун долбоору боюнча түшүндүрүп берди. Жарыш сөзгө чыккандар:
А.Алымкулова:
“Биз колдошубуз керек”
Ы.Итибаева:
“Добушка койгула баары эле колдоп берет”
Н.Ибраимов:
“Колдойбуз”
Ж.Бейшекеев күн тартибинин биринчи маселесин добушка койду: “Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы демилгелуу топ тарабынан даярдалган чакан долбоордук сунушун колдоого алынсын”. Токтом кабыл алынды. Токтом бир добуштан кабыл алынды. Токтом тиркелет.

Күн тартибинин экинчи маселеси боюнча сөздү Өмүрбек кызы

Айтурган алып отчетун берди. Отчету тиркелет. 2022-жылдын планы 9476,1м.с., фактысы боюнча 9687,1 мин сом, же болбосо 102,2% аткарылган. Анын ичинен Мүлккө болгон салыгы 101,5%, Жер салыгы 105,5% аткарылган. Кемчиликтер да бар: Патент салыгы 44,8% аткарылган, Ижара салыгы 69,6 % аткарылган.
Жарыш сөзгө чыккандар:
А.Алымкулова "Маршрутниктер бизге салыкты төлөйбү?"
Өмүрбек кызы А.: "Жок төлөбөйт".
Өмүрбек кызы А.: "Кирпич заводу салыгын төлөбөйт, айтсам такыр укпайт"
Н.Ибраимов: "Бул кирпич заводу эмнеге төлөбөйт экен? Төлөш керек"
Ж.Бейшекеев: "Былтыр жазында Аскат төлөтөм деп атпады беле"
Н.Ибраимов: "Айыл өкмөтүнүн башчысы иш алып барсын, токтом чыгарып бере албайбыз".
Ы.Итибаева: "Мусоргo акча төлөйбү? Бирок ошол мусорду чыгарып кетпейт"
Өмүрбек к.А: "Бизден лыжный базалар эле төлөйт"
Ы.Итибаева: "Лыжный база таштандыларын өзү жок кылса болмок"
Өмүрбек к.А: "Мага дагы суроолор түшүп жатыптыр киреше боюнча адиси эмнеге керек? Жооп берди".
А.Бердиматов: "Айыл өкмөтүнө терминал койсо болмок".
Н.Ибраимов: "Биз айыл өкмөтүнүн штатын кыскартууда ойлонуп кыскартыш керек".
Ж.Бейшекеев: "Кирпич заводу боюнча тактап, салыгын төлөтсүн".
А.Алымкулова: "Убакыт берилсин".
Ж.Бейшекеев күн тартибинин биринчи маселесин добушка койду: "Киреше боюнча адиси Өмүрбек кызы Айтургандын жылдык отчету "канааттандырарлык" деп белгиленсин, айыл өкмөтүнө айтылган сын-пикир боюнча иш алып барылсын,айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырма берилсин". Токтом кабыл алынды. Токтом бир добуштан кабыл алынды. Токтом тиркелет.

Күн тартибинин үчүнчү маселеси боюнча сөздү китепканачы Г.Мухамеджанова алып: "Өзүнүн иши жөнүндө айтып берди. Кантка барган жактан кыйын болуп жатат. Айыл өкмөтү көп жардам бербейт.
Жарыш сөзгө чыккандар:
Ж.Бейшекеев: "Планынар барбы?"
Б.Содобаева: "Биз ар кандай маданий иш-чаралар болсо ошону аткарабыз, балдарды алып барабыз"
Ы.Итибаева: "Алмалуунун китепканасына келеби?"
Б.Содобаева: "Мектеп биздин жаныбызда болбогондуктан, киши аз келет, бирок баарынар келсенер жакшы болмок. 12000 китеп фондусу бар, быйыл 4 чон иш-чара өткөрдүк".
Ж.Бейшекеев: "Иш-чараларга катышып жатасынарбы?"
А.Алымкулова: "Силер иш-чараларды өткөрөсүңөрбү?"
Б. Содобаева: "Иш-чаралар катышып, өткөрүп турабыз, бирок айылда иш-

чараларды өткөрүү үчүн акча каражаты керек болууда”.
Ж.Бейшекеев: “600 киши келди деп отчет берип жатасыз, ошончо киши келеби?”
Б.Содобаева: “Албетте ошончо киши келбейт, силер деле келсенер болот”.
Ы.Итибаева: “Сиздердин Алмалуунун китепканасын мектепке көчүрүш керек, ошондо балдар көп кирмек, бул менин сунушум, мектеп үчүн жакшы болмок, окуучулар үчүн дагы”.
Б.Содобаева: “Жакшы болмок, ошондой болсо”.
Ы.Итибаева: “Соц.комиссия баргыла сунушту айтып көргүлө”
Кошоева К.: “Китепкана Үч-Эмчектики эски мектепке көчүрүлгөн.Окурмандар 300. Китепкана 2400китеп, жаны китептер келип жатат. Иш-чараларды өткөрүп турабыз”.
Ж.Бейшекеев: “Элге китеп окутуу боюнча кандай иштерди өткөрүп жатасынар?”
А.Алымкулова: “Сиздердин планда 9 иш-чара жазылыптыр, ошонун баары аткарылабы?”
Б.Содобаева: “Сөзсуз өткөрүп жатабыз”.
Жаныбек у.А.: “ Менин сунушум бар мисалы айыл тургундары арасында конкурстарды уюштурса болотда”
Б.Содобаева: “Туура ошондой конкурстарды өткөрүп баштайлы, бирок силерден баштайлы, силер менен чогуу өткөрөлү”
Жаныбек у.А.: “Биздин айылдан мисалы торт баланы кошуп, башка айылдардан дагы кошуп, конкурс өткөрүш керек”
Б.Содобаева: “Туура, призовой фондусун белгилеп алып, өткөрсө болот”
Ж.Бейшекеев: “Элге китеп окутуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлөбү, бизден эмне жардам керек?”
Б.Содобаева: “Бизге акчалай жардам берсенер болот эле, мектептерге барсан да окурмандар көп келбейт”
Ж.Бейшекеев: “Жыл сайын силердин отчетунарды алып турууну иш-планга бекиттик”.
Ж.Бейшекеев күн тартибинин үчүнчү маселесин добушка койду: “Китепканачылардын жылдык отчету “канааттандырарлык” деп белгиленсин, сын-пикирлер боюнча иш алып барылсын”. Токтом кабыл алынды. Токтом бир добуштан кабыл алынды. Токтом тиркелет.

Күн тартибинин акыркы маселеси боюнча Н.Ибраимов: “Бул маселени азыр кароо туура эмес, күбөлөр өздөрү жок, К.Тенизбаев өзү да жок”
Жарыш сөзгө чыккандар: Г.Байтемирова: “Бул жерден айыл тургундары ар бир үй 2000 сомдон чогултуп берген. Аты проектини тартып келген кыз өз чоң атасынын атын коюп койгон, ошондон чыр чыгып кетти, азыр ФАП тарабы бүттү, бирок зал жагы бүтө элек толугу менен”.

Ж.Бейшекеев : “Сунуш бергиле”.

Ж.Бейшекеев күн тартибинин акыркы маселесин добушка койду: “Кийинки сессияга тийиштүү адамдардын келишин айыл өкмөтүнүн

башчысы камсыздап берсин”. Токтом кабыл алынды. Токтом бир добуштан кабыл алынды. Токтом тиркелет.

Сессия өз ишин аяктады.

**Ысык-Ата айылдык Кенешинин төрагасы Ж. Бейшекеев_________**

**Протоколду жазган:жооптуу катчы Ж.Тентимишова________**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**<br><br>**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЫСЫКАТИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙАЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

_

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезексиз VI (алтынчы) сессиясы

**ТОКТОМ**

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2022-жылдын 13-январы №41/V -28** **Алмалуу айылы**

**Киреше боюнча адиси Өмүрбек кызы Айтургандын жылдык отчету**

Киреше боюнча адиси Өмүрбек кызы Айтургандын жылдык отчетун угуп, талкуулап чыгып, Ысык-Ата айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1. Киреше боюнча адиси Өмүрбек кызы Айтургандын жылдык отчету көңүлгө алынсын жана “канааттандырарлык” деп белгиленсин.
2. Белгиленген сын-пикирлер жана кемчиликтер 2022-жылы эске алынсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын бюджет жана каржы боюнча туруктуу комиссия көзөмөлгө алсын .

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Ж.Бейшекеев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**

**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫКАТИНСКИЙ РАЙОН**

**ЫСЫК-АТИНСКИЙАЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезексиз VI (алтынчы) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2022-жылдын 13-январы №43/V -28** **Алмалуу айылы**

**Китепканачылардын отчетун угуу жөнүндө**

Китепканачылар Б.Содобаева, К.Кошоев, М.Мухамеджанова жана М.Алтымышеванын жылдык отчетун угуп, талкуулап чыгып, Ысык-Ата айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1. Китепканачылар Б.Содобаева, К.Кошоев, М.Мухамеджанова жана М.Алтымышеванын жылдык отчету көңүлгө алынсын жана “канааттандыраарлык” деп белгиленсин.
2. Белгиленген сын-пикирлер жана кемчиликтер 2022-жылы эске алынсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын социалдык иштер боюнча туруктуу комиссия көзөмөлгө алсын .

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Ж.Бейшекеев**